DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Куйчиев А.С., Мадумарова М.К., Жумагулова З.*

# КОМПЕТЕНТТҮҮ КАДРЛАРДЫ ДАЯРДООДОГУ ТҮРДҮҮ ТОСКООЛДУКТАР ЖАНА АЛАРДЫ ЖОЮУГА БАГЫТТАЛГАН АЙРЫМ СУНУШТАР

*Куйчиев А.С., Мадумарова М.К., Жумагулова З.*

# РАЗЛИЧНЫЕ ПРЕПЯТСТВИЯ В ПОДГОТОВКЕ КОМПЕТЕНТНЫХ КАДРОВ И НЕКОТОРЫЕ РЕКОМЕНДАЦИИ НАПРАВЛЕННЫЕ НА ИХ УСТРАНЕНИЕ

*A. Kuichiev, M. Madumarova, Z. Zhumagulova*

# ARIOUS OBSTACLES TO THE TRAINING OF QUALITY PERSONNEL AND SOME RECOMMENDATIONS AIMED AT ELIMINATING THEM

*УДК: 372.8*

*Макалада мектептеги жана жогорку окуу жайлардагы сапаттуу билим берүү деңгээлинин төмөндүгү жана анын бир канча факторлору аныкталып, алардын келип чыгыш себептери изилденген. Мындай көйгөйлүү маселени чечүү үчүн педагогикалык билим берүүчү ЖОЖдордо студенттерге жеткиликтүү билим берүүнүн жолдору тажрыйбада сыналып, бир канча усулдар сунушталган. Мектептердеги практика учурунда эмнегедир студенттердин ачык сабактары тарбиялык саат же 1-класстарда «Алиппе» сыяктуу предметтерден өткөнгө аракети көп байкалган. Мекен таануу предметинен 3-класстар үчүн берилген темаларды даярдаган студент-практиканттардын тажрыйбада кезикпегени айтылат. Бул предметте берилген темаларды өтүү үчүн студенттерде жетиштүү билимдин жоктугу ачыкталат. Ошондуктан учурда ЖОЖдордо окутуунун пратикалык-тажрыйбалык бөлүмүнө басым жасоо зарылдыгы көрсөтүлөт. Билим берүүдө универсалдык изилдөөчүлүк ишмердүүлүктү жандандырганда гана балдарда окуу жөндөмдөрү тезирээк калыптана баштайт. Ошондуктан тажрыйба сабактарын жандандыруу сунушталган.*

***Негизги сөздөр:*** *мектеп, билим сапаты, фактор, миссия, комплекстүү иш чаралар, Болондук система, бакалавр, педагогикалык практика, окуу жөндөмдөрү, тажрыйба сабактары.*

*В статье были рассмотрены и выявлены некоторые причины низкого уровня качества школьного образования и изучены факторы их возникновения. Для решения такой проблемной задачи в педагогических вузах было опробовано на практике несколько доступных для студентов методы обучения. Во время практики в школах почему-то наблюдалось стремление студентов провести открытые уроки по классному часу или по «Азбуке» и Чтении в 1-2-х классах. Студенты-практиканты, подготовившие темы для 3-х классов по предмету Родино ведение на практике не встречаются. Здесь раскрывается нехватки достаточного уровня знаний у студентов для прохождения заданных тем. Поэтому в вузах необходимо акцентировать внимание на практико-лабораторную часть обучения. Только при активизации универсальной исследовательской деятельности в обучении у детей начинаются быстрее формироваться познавательные навыки. Для решения проблемы рекомендуется активизировать проведения практических занятий.*

***Ключевые слова:*** *школа, качество образования, фактор, миссия, комплексные меры, Болонская система, бакалавр, педагогическая практика, навыки обучения, уроки опыта.*

*The article identified the low level of school quality education and a number of factors, and studied the causes of their occurrence. To solve this problem, several teaching methods available to students have been tested in pedagogical universities. During practice in schools, for some reason, there was a desire for students to take open lessons in such subjects as the educational hour or «ABC» in the 1st grades. Students-interns who have prepared topics for the 3rd grade on the subject of homeland studies do not meet in practice. This subject reveals the lack of sufficient knowledge for students to pass the set topics. Therefore, in higher education institutions, it is necessary to focus on the Practical and practical Department of training. Only with the activation of universal research activities in education, children begin to develop reading skills faster. Therefore, the practice lessons.*

***Key words:*** *school, quality of education, factor, mission, comprehensive measures, Bologna system, bachelor's degree, pedagogical practice, learning skills, lessons of experience.*

Коомдук турмушта ар бир жеке инсандын жана түрдүү кесип ээлеринин өзүнө тиешелүү болгон миссиялары бар. Башкача айтканда түрдүү багытты эмгектенген инсандар жалпы адамзаттын жашоосунда керектелүүчү каражаттарды камсыздашат жана кызматтарды аткарышат. Ошолордун арасынан маанилүүсү жана жоопкерчиликтүүсү бул мугалимдин жана тарбиячынын миссиясы. Анткени билим берүү жана тарбиялоо жараяны бардык тарыхий учурлардагы жана коомдук түзүлүштөрдөгү окуялардан күз карандысыз үзгүлтүксүз жүргүзүлүп келген.

Дүйнө жүзүндө жашаган элдердин бардыгында кийинки муунду туура тарбиялоого жана өз алдынча жашоого дярдоо мектептери бар. Бала албетте негизги тарбияны жана адеп ахлакты үйдөн алат, бирок балага билим берүүнү ата эне аркалай албайт. Бул миссия ар түрдүү деңгээлдеги билим берүү мекемелерине жүктөлгөн. Бул мекемелер жуздөгөн жылдардан бери билим берүүнүн улам жаңы усулдарын иштеп чыгуу менен коомдун билимге болгон муктаждыгын камсыздап келет.

Азыркы муундун өкүлдөрү дүйнөлүк глобалдашуу доорун башынан өткөрүп жатат. Глобалдашуу процесси саясатта, экономикада, маданиятта жана би-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



лим берүүдө да чоң өзгөрүүлөрдү жаратып жатат. Айрыкча информациялык жана сан ариптик технологиялардын тез өнүгүүсү бул жараяндын өтө ылдам жүрүүсүнө шарт түзүүдө. Белгилей кетсек, биздин республикада да президенттин сунушу менен 2019-2020-жылдар өлкөнү санариптештирүү жылдары деп жарыяланган. Албетте, бул иш чаралар Кыргызстандын анын ичинде биздин билим берүү системабыздын дүйнөлүк коомдун өнүгүп-өсүү темпи менен шайкеш жүргүзүүгө болгон чоң аракет болуп саналат. Учурда Кыргызстандын бардык булуң бурчунда жашаган ар бир жаран дүйнөлүк интернет тармактары аркылуу реалдуу убакытта каалаган маалыматын ала алат. Бул албетте жакшы көрүнүш. Маселенин көп байкала бербеген көйгөйлүү жагдайлары да бар. Айта кетсек, маалыматты кабыл алган киши аны анализдөөсү да керек болот. Бирок билими жетиштүү болбогон, дүйнөгө болгон көз карашы жеткиликтүү эмес кишилер көп сандагы түрдүү маалыматтарды туура талдап, түз жыйынтык чыгара алабы? Маселе ушунда. Албетте турмуштук тажрыйбасы чоң адамдар үчүн бул маселе көйгөй жаратпайт. Бирок кичинекей жаш балдар жана окуучу курактагы балдар үчүн мындай көлөмдөгү маалыматтарды баш аламан кабыл алуу алардын психикасында жана ой жүгүртүүсүндө чаташууну пайда кылышы ыктымал. Демек глобалдашуу жараянынын кечиктирилгис талабы бул билим берүүнүн сапатын бийик деңгээлде кармоо болуп саналат. Ушундан улам, билим-тарбия берүүнүн сапатын бекемдөө, Кыргызстандын кең келечегине өз салымдарын кошуучу муунду тарбиялап өстүрүү бүгүнкү күндө билим берүү системабыздын негизги милдеттеринен болуп эсептелет.

Коомдогу жүрүп жаткан реформалоо жараяндары турмуш тиричиликтин бардык тармагын анын ичинде билим берүү тармагын да толук бойдон камтыды. Кийинки учурларда коомчулукта инсандык баалуулуктарды кайра карап чыгууга, атуулдук жана патриоттук көз караштарды улуттук идеологиянын негизинде калыптандырууга байланышкан иш-аракеттер жандана баштаганы-бул жакшы жышаан. Идеалары жана жеке патриоттулук көз карашы болбогон коомдун келечекте жакшы жака өнүгүшү мүмкүн эместиги түшүнүктүү. Соңку 30 жыл аралыгында жарандардын көңүлү негизинен коомго эмес, жеке адамга, анын материалдык кызыкчылыктарына бурулуп калгандай сезилет. Бул кубулуш коомчулуктагы жиктешип-бөлүнүүгө жана бара-бара улуттук, патриоттук сезимдин басаңдашына алып келши ыктымал.

Коомдук турмушта ар бир жеке инсандын жана түрдүү кесип ээлеринин өзүнө тиешелүү болгон миссиялары бар. Башкача айтканда түрдүү багытта эмгектенген инсандар жалпы адамзаттын жашоосунда керектелүүчү каражаттарды камсыздашат жана кызматтарды аткарышат. Ошолордун арасынан маанилүүсү жана жоопкерчиликтүүсү бул мугалимдин жана тарбиячынын миссиясы. Анткени билим берүү жана тарбиялоо жараяны бардык тарыхsй учурлардагы жана коомдук түзүлүштөрдөгү окуялардан көз карандысыз үзгүлтүксүз жүргүзүлүп келген.

Дүйнө жүзүндө жашаган элдердин бардыгында кийинки муунду туура тарбиялоого жана өз алдынча жашоого дярдоо усулдары, ыкмалары, салттары жана мектептери бар. Бала албетте негизги тарбияны жана адеп ахлакты үйдөн алат, бирок балага билим берүүнү ата эне толук аркалай албайт. Бул жооптуу миссия ар түрдүү деңгээлдеги билим берүү мекемелерине жүктөлгөн. Бул мекемелер жуздөгөн жылдардан бери билим берүүнүн улам жаңы усулдарын иштеп чыгуу менен коомдун билимге болгон улам жаңы муктаждыгын камсыздоо аракетин көрүп келет.

Бүгүнкү күндүн эң эле көйгөйлүү маселеринин бири да жаңы муунду адептүүлүккө, маданияттуулукка, патриоттуулукка тарбиялоо жана алардын интеллектуалдык деңгээлин көтөрүү болуп саналат. Глобалдашуу жараянынын мезгилинде адамдын жашоо шарттарынын өзгөрүүсүнүн ылдамдануусу инсанды тарбиялоого болгон талаптардын татаалдануусуна алып келүүдө жана ата-энелер менен мугалимдердин жоопкерчилигин күчөтүүдө. Акыркы он жылдыктарда дүйнө мамлекеттеринин бардыгында глобалдашуунун оң жана терс таасирлери сезиле баштады. Бул таасир бардык тармактар сыяктуу эле билим берүү тармагын да өзгөрттү. Коммунисттик идеянын айланасында куралган билим берүү системалары өз милдеттерин жеткиликтүү аткара албай калышты. Ар башка мамлекеттерде билим берүүнүн жаңы системаларына өтүү жана кабыл алуу процесстери жүрө баштады.

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан тартып эле билимдин сапатын жогорулатуу боюнча комплекстүү иш чаралар иштелип чыгып, турмушка ашырылууда. Билим берүү системасын реформалоо үчүн кабыл алынган чечкиндүү кадамдардын бири болуп билим берүүнүн Болондук системасына өтүүнү айтууга болот. Бул система салттуу советтик билим берүү системасынан кескин айырмаланат. Бул системада окутуунун сапаты негизинен

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



студенттин тандоосунан көз каранды. Мында студенттин мектептеги жана өз алдынча даярдыгы маанилүү ролду аткарат.

Жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүлөрү көпчүлүк учурда бакалавр баскычын аяктап мектептерге ишке келишет. Башкача айтканда, төрт жылдык программаны аткарган ар бир студент мугалимдик же башка кесипке ээ болуп чыгышат. Окуу процессин сырттан байкаган учурда студенттердин жалпы даярдыгынын сапатын баалоо кыйын. Бирок мектептердеги реалдуу абал бакалавр баскычын аяктаган көпчүлүк кадрлардын даярдыгынын бир аз жетишсиз экендигинен кабар берет. Адбетте мугалимдик чеберчилик адамдын жеке талантынан да көз каранды деңизчи, бирок мектептердеги тажрыйбалуу мугалимдердин пикирине таянсак, ЖОЖду жаңыдан аяктап келген кадрлардын даярдыгы көпчүлүк учурларда талапка жооп бербей калууда. Буга мисал катарында 2021-жылда Ош шаарында болуп өткөн окуучулар арасындагы регионалдык предметтик олимпиадасынын жыйынтыгын айтып кетүүгө болот. Биздин байкообузда география предметинен олимпиадага катышкан окуучулардын дээрлик бардыгы топоеарта менен иштөөнү, масштабды, азимуттун жактарын жана тиешелүү шарттуу белгилерди жакшы билишпейт экен. Демек аларды окуткан мугалимдердин тажрыйбасында маселе бар. Аталган суроолордун бардыгы практикалык сабактарда окутулушу керек. Ошондой эле өлчөгүч аспаптар менен иштөө зарыл болот. Дагы бир мисал келтире турган болсок, сырттан окуган бакалавр жана магистрлер өздөрү мектепте иштешсе дагы мектептин окуу китептеринде жазылган өлчөөчү аспаптардын / барометр – анероид, психрометр, нефоскоп, сейсмограф ж.б / түзүлүшүн жана иштөө принциптерин билишпейт. Башкача айтканда алар негизинен интернеттен алынган даяр теориялык жана статистикалык маалыматтарды айтуу менен сабак өтүүгө көнүп калган. Ал эми талап боюнча мугалим негизги аспаптарды колдоно билүүсү зарыл. Албетте кол телефондорудагы же компьютердеги тиркемелерден абанын басымын, температурасын же нымдуулугун оңой эле таап алууга болот, бирок бул даяр мааламаттар окуучулардын эсинен тез эле чыгып кетет.

Адистин кийинки ишмердүүлүгү төрт жылдык алган билимдин негизинде аныкталат. Бакалавр баскычын аяктаган мугалимдер да ишке кабыл алынышып иштей башташат. Мектептеги билимдеринин сапатына бул фактордун да кандайдыр бир деңгээлде таасири бар деп айтсак жаңылышпайбыз. Себеби программалардын көлөмүнүн кыскарышы студенттердин жалпы билим деңгээлине терс таасирин тийгизгени байкалууда. Мисалы окуу жайдын бюджеттик бөлүмүнө мектепти жалаң беш деген баага аяктагандар кабыл алынат. Бирок байкап көрсөк, бул студенттердин мектепте алган предметтик баалары иш жүзүндө алардын реалдуу билимине дал келбейт. Орус жана англис тили сабагынан беш баа алгандардын көпчүлүгү бул тилдерде эркин окуп же сүйлөй алышпайт. Башка предметтерден да так ушундай. Бул көрүнүштүн негизги себеби ошол окуучуларды мектепте окуткан мугалимдердин сапатына жана даярдыгына байланыштуу. Айрымдар билимдин сапатына мугалимдин айлыгынын аздыгы жана мектептердеги шарттын начардыгы негизги таасир дешет.

Соңку жылдарда контракттык формадагы окуу жайларда кабыл алуунун сапаты кескин төмөндөп кеткендиги байкала баштады. Өз кезегинде билими начар окуучудан билими начар студент, ал эми мындай студенттен билими начар же компетенциясы төмөн кадрлар даярдалып чыгат. Билим берүү жараянынын үзгүлтүксүз чынжырынын кайсыл бөлүгүнөн ката кетип жатканын так айтуу кыйын. Анткени ата-энелер мектепти, мектеп ЖОЖ дорду, ЖОЖдор кайра эле мектепти күнөөлөп келишет. Акыркы 20-25 жылдын аралыгында, жеке менчик билим берүү мекемелерин эске албаганда, басымдуу мектептердеги окуучулардын билимдеринин деңгээли төмөн бойдон калууда. Жалпы республикалык тестирлөөнүн 2020-жылдагы жыйынтыктарын алсак. Тестирлөөгө катышкан 45300 окуучудан 12000 ден ашуусу жетиштүү балл чогулта алган эмес. Бул 30 пайыздык күрсөткүч. Бирок орто мектепти жыл сайын жалпы 70000 дей окуучу аяктарын эске алсак, анда дагы 35000 дей окуучу ЖРТга катышкан эмес. Бул сандын негизги бөлүгүн билими төмөн бүтүрүүчүлөр түзөт.

Демек мектептердин бүтүрүүчүлөрүнүн 50 пайызга жакынынын билими талапка жооп бербейт. Бул көрсөткүч айрыкча айылдык мектептердин бүтүрүүчү класстарында окшош. Бардык эле мектептерде өздөштүрүүнүн көрсөткүчтөрү жалпысынан төмөн экендигин билим берүү тармагында иштеген тажрыйбалуу адистер айтып келишет. Бул тизмеге албетте акча төлөп окуган лицей жана гимназиялар кирбейт. Анткени алар окуучуларды тандап кабыл алышат жана чоң суммада акы төлөгөн ата-энелер да балдарынын окуусун күчтүү көзөмөлдөшөт. Ошондуктан жалпы билим берүүчү орто мектептер менен акы төлөнүүчү мектептердин билим берүү сапатын салыштырууга болбойт. Экинчиден акы төлөнүүчү орто билим берүү мекемелеринин жалпы үлүшү да өтө аз санда. Алардын сапаттык көрсөткүчү жалпы республикалык масштабда мааниге ээ болбой калат. Анда

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



эмне кылуу керек? Билим сапатын кошумча каражаттарсыз кантип көтөрүүгө болот.

Мындайда билимдин сапатын жогорулатуу аракетин чынжырдын бардык бөлүгүнөн баштаса да болот, бирок студенттердин билим сапатын жогорулатуу ыңгайлуурак деп эсептейбиз. Анткени студенттер менен иштөө натыйжалуурак. Бул багыттагы алгачкы кадам катарында предметтик сабактарды окутуунун пратикалык-тажрыйбалык бөлүмүнө басым жасашыбыз керек. Мектептерде окутулуучу табият таануу багытындагы предметтердин дээрлик бардыгында темаларды өтүүдө практикалык жана лабораториялык жумуштар каралган. Жогорку окуу жайлардын окуу программаларында практикалык, семинардык жана лабораториялык сабактарга жалпы академиялык убакыттын 30-40 пайызы бөлүнгөн Биз ушул эле бөлүнгөн убакыттын алкагында иштесек жетиштүү болот.

Дүйнөлүк масштабда, анын ичинде кошуна мамлекеттерде бул багытта иш аракеттер активдүү жүрүп жатат. Мисалы Азия Өнүктүрүү Банкы менен Өзбекстандын билим берүү министрлигинин ортосунда түзүлгөн келишим боюнча үстүбүздөгү жылы Өзбекстандын билим берүү тармагына так илимдерди окутуу сапатын арттыруу максатында100 млн доллар акча бөлүнөт.

Мугалимдерди даярдоо жараянында кесиптик-педагогикалык практиканын мааниси өтө чоң. Байкоолорго негизделсек, мектептердеги кесиптик педагогикалык практика учурунда эмнегедир студенттер ачык сабакты оңой темалардан жана жеңил предметтерден өтүүгө аракет кылышат. Мисалы практика учурунда педагогика адистигиндеги көпчүлүк студенттер тарбиялык саат же 1-класстарда алиппе сыяктуу предметтерден ачык сабак өткөнгө аракет жасашат. Мекен таануу предметинен 3-класстар үчүн берилген темаларды даярдаган студент практиканттарды кезиктире албадык. Көпчүлүк студенттер муну өзүнүн даярдыгы жок экендиги менен түшүндүрүшөт. Тактап айтканда теманын мазмунун окуучуларга түшүндүрүп берүүгө студент-практиканттар даяр эмес. Албетте ар бир студент үчүн практикада өткөн ачык сабагынын жакшы натыйжасы маанилүү. Студенттер эмнегедир ката кетирүүдөн чочушат. Бул туура эмес. Бирин-серин ката кетирмейин, киши такшалбайт. Кетирилген каталардын үстүндө иштөө аркылуу чоң тажрыйба чогултууга болот.

Практикалык сабактардын окутуудагы мааниси жана орду өтө зор. Окумуштуулардын айтымында адам окуган нерсесинин 10 пайызын, укканынын 20 пайызын, көргөнүнүн 30 пайызын, көпчүлүк менен талкуулаганынын 50-70 пайызын, маселени өзү таап талкуулаган учурда 80 пайызын эстеп кала алат. Ал эми окуучулар реалдуу иш аракеттерде өздөрү түздөн түз катышып, маселени өз алдынча коюп, чечимди өздөрү тапкан учурда гана маалыматтын 90 пайызын эстеп кала алышат.

Ошентип универсалдык изилдөөчүлүк ишмердүүлүктү жандандырганда гана балдарда окуу жөндөмдөрү тезирээк калыптана баштайт. Демек сабак учурунда тажрыйбаларды жасаганга көбүрөөк маани берүү зарыл. Шартыбыз жок, эксперимент жасаганга жабдык жетишпейт деп отура берсек сапатты жогорулаттуу кыйын. Ошондуктан бир аздан болсо да жөнөкөй тажрыйбаларды өткөрүүнү жандандыруу керек. Биздин байкашыбызда буга ар бир окуу жайдын, мектептин жана ар бир мугалимдин же студенттин мүмкүнчүлүгү жетиштүү.

«Мекен таануу» курсунда бул көндүмдөрдү калыптандырууга өзгөчө көңүл буруу зарыл. Баткен мамлекеттик университетинин Кызыл-Кыя педагогикалык институтунун окуу-практикаларында турдүү шарттарда педагогика багытынын 2-курстарында мындай тажрыйбалардын бир нечесин жасап көрдүк. Мисалы – топурактын түзүлүшү, суунун касиеттери, атмосферадагы кубулуштар, тоо тектери, заттар деген темалар боюнча жөнөкөй жана жасаганга ыңгайлуу тажрыйбаларды ар бир студент жасай алат. Ошондой эле бул эсперименттер атайын жабдыктар менен кошумча каражаттарды талап кылбайт. Биздин учурда бул сабактар студенттердин активдүүлүгүнө оң таасирин берди. Тайпадагы студенттерди 3 төн бириктирип өз алдынча иштеттик. Алар берилген тапшырмаларды кызыгуу менен аткарышты.

Ал эми ОГПИнин Табият таануу факультетинин базасында да бул багытта иш-чаралардын пландары иштелип чыгып, окуу процессине жайылтуунун алдында турат. Табигый илимдер кафедрасынын мугалимдери Куйчиев А.С., Жумагулова З., Токтомамат кызы Калыя тарабынан Географияны окутуу усулу деп аталган окуу методикалык колдонмо даярдалып, анда сабактарда колдонууга ыңгайлуу болгон жөнөкөй эксперименттердин варианттары мисал катары келтирилди.

Табият таануу багытындагы дисциплиналардын практикалык-лабораториялык саатары үчүн бөлүнгөн темаларды карап чыгып, эксперименттердин атайын лабораториялык шарттарды талап кылбаган негизги түрлөрүн жүргүзүүнүн универсалдуу методдорун иштеп чыгуу зарыл. Муну ар бир педагогикалык окуу жайлардын тиешелүү кафедраларында жасоого болот. Же болбосо мектептин окуучулары үчүн даярдалган окуу китептериндеги лабораториялык эксперименттердин бардыгын институттун шартында студенттерге үйрөтүү керек.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Азыркы мезгилдеги мектептердеги камсыздоодогу абалды бардыгыбыз жакшы билебиз. Эң жөнөкөй экспериментти жасоо үчүн да айылдык метептердин мугалимдерине чоң тоскоолдуктар жаралат. Ушул жагдайларды эске алганда биз сунуштап жаткан жөнөкөй жана универсалдуу сабактардын иштелмелери болочок мугалимдер үчүн баалуу материал боло алат деген үмүт бар.

Ошондой эле мектептерде жана педагогикалык окуу жайларда тажрыйба сабактарга болгон мамилени өзгөртүү керек экендигин баса белгилеш керек. Анткени соңку кездерде бардык эле жерлерде тажрыйба сабактарына болгон мамиленин бир топ солгундаганын байкалат. Бул көйгөйдүн объективдүү себеби катары мектептерде тиешелүү шарттардын жетишсиздигин көрсөтүшүп келет. Бирок аталган көйгөйдүн суъективдүү себетери да бар.

Азыркы сан арип технологиялары өнүккөн доордо сабактарды, экскурсияларды жана эксперименттерди виртуальдык лабораторияларда, класстан чыкпай эле өткөрүүнү сунуштагандар да көп. Албетте анимациялык сабактардын мааниси да чоң, аларды өткөрүү коопсуз, аба ырайынан да көз каранды эмес жана кошумча атайын жабдыктарды жана каражаттарды талап кылбайт. Бул ыкмалардын кеңири жайылтылышы да билим сапатын бекемдөөгө сөзсүз оң таасирин тийгизет. Ошентсе да жаратылыш менен түздөн түз мамиледе болуп, андагы кубулуштарды жан дүйнөсү аркылуу сезүү жана тажрыйбаларды өз колдору менен жасап, жыйынтыктарга өз алдынча келген окуучулардын эмоциялык абалы, сабакка болгон кызыгуулары, активдүүлүктөрү жана алган бекем билимдери бир топ баалуу болот. Мында окуучуларда инициатива, активдүүлүк, лидердик сыяктуу баалуу сапаттар бат калыптанат.

Шаардын мектептеринде шарт бир аз башкача болот. Бул мектептер чоң имараттардын жана курулуштардын арсында жайгашат жана жаратылыштын табигый элементтерин кезиктирүү кыйын. Бул мектептерде сан ариптик лабораторияларды колдонуу ыңгайлуу. Ал эми айыл жерлеринде шартка жараша эксперименттерди жаратылыштын койнунда көбүрөөк өткөрүү пайдалуу. Бул маселе мугалимдерден талыкпаган эмгекти жана чыгармачылык изденүүлөрдү талап кылаары шексиз. Азыркы замандын педагогикасынын талаптары да ушундай.

Биз сунуштап жаткан ыкмаларды бир эле мезгилде жалпы билим берүү мекемелеринде иш жүзүнө ашыруу балким мүмкүн эместир. Ошондуктан алдын ала тандалып алынган кээ бир мектептердин айрым класстарында же тандалган окуу жайлардын кээ бир тайпаларында экперимент катарында белгилүү бир убакыттын аралыгында сыноодон өткөрүү туура болот. Эгер алынган натыйжа оң болсо, тиешелүү адистер тарабынан экспертизадан өткөргөндөн кийин ыкманы андан ары жайылтууга сунуштоо керек.

Жогоруда аталган максаттарды ишке ашырууну жандантуу үчүн республикабыздагы мектептерде жана жогорку окуу жайларда эмгектенип жаткан окутуучуларга Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан атайын план ишелип чыгып, ошонун негизинде тиешелүү шарттар түзүлсө Кыргызстандагы кадр даярдоо саясатында чоң бурулуш болор эле. Билим берүү жана илим министрлигиндеги тиешелүү адистер бул маселеге көңүл буруп, жер-жерлердеги педагогикалык коллективдер менен тыгыз байланыш түзүп иш жүргүзүшсө, тез арада оң натыйжаларга жетүүгө болот деп терең ишенебиз.

**Адабияттар:**


1. Аквалева Г.Н. «Наблюдения и опыты на уроках природоведения» [Текст]. - Москва, 1988.
2. Байденко В.И. Компетенции в профессиональном образовании (К освоению компетентносного подхода). [Текст]./ Высшее образование в России. 2004. №11
3. Зязюна И.А. Основы педагогического мастерства [Текст] / Журнал Биология, №184.
4. Кочегарова Л.В. Виды деятельности, направленные на развитие компетентности педагога: сущность и условия организации. [Текст] / Информатика и образование. 2009. №1.
5. Мадумарова М.К., Куйчиев А.С., Маматова А.М. Некоторые модели интеграционного обучения в высших учебных заведениях. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. №. 10. С. 124-128.
6. Курманкулов Ш.Ж., Бешкемпирова В.К. Обстоятельства обучения учебных предметов в школах, направленных на компетентность. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2018. №. 2. С. 69-72.